**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Кыргыз Республикасынын Жахабанын Күбөлөрүнүн диний борборунун өтүнүчүн кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2014- жылдын 18-февралы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын курамы: Ч.О. Осмонова, Ч.А. Айдарбекова, Э. Ж. Өскөнбаев, катчы М.Ж. Азарованын катышуусунда, Кыргыз Республикасынын Жахабанын Күбөлөрүнүн диний борборунун мыйзамдуу өкүлдөрү Шейн Хит Брэйди жана Искаков Хамит Иргашбаевичдин өтүнүчүн карап, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) Кыргыз Республикасынын Жахабанын Күбөлөрүнүн диний борборунун мыйзамдуу өкүлдөрү Шейн Хит Брэйди, Искаков Х.И. 2008-жылдын 31-декабрында кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндөгү" Мыйзамдын 8-беренесинин 2,3- пункттары, жана 10-беренесинин 2-пунктунун 2-абзацы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-пунктуна, 32–беренесинин 2-пунктуна жана 35–беренесине карама каршы келет деп табуусун суранып өтүнүч менен кайрылышкан.

Судьялар коллегиясы кайрылууну изилдеп чыгып, өтүнүч боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28–беренесинин 2–бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Ч.О. Осмонованын маалыматын угуп, төмөнкүдөй тыянакка келди.

Жахабанын күбөлөрүнүн Кыргыз Республикасындагы диний борборунун өкүлдөрүнүн Шейн Хит Брэйди жана Искаков Хамит Иргашбаевичдин кайрылуусу «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык

мыйзамынын 25-беренесинин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жалпы талаптарга ылайык келбейт.

Тактап айтканда кайрылууда конституциялуулугу текшерелүүгө жаткан ченемдик укуктук актыга кол койгон же аны чыгарган мамлекеттик органдын, кызмат адамдын аталышы, дареги жана талашып жаткан ченемдик актынын толук аталышы, номуру, кабыл алынган датасы, жарыяланган булактары жана башка реквизиттери көрсөтүлгөн эмес.

Кайрылуунун эң башкы барагында кайрылуучу тарап катары Жахабанын күбөлөрүнүн Кыргыз Республикасындагы диний борбору көрсөтүлгөн андан ары ошол борбордун мыйзамдуу өкүлдөрү катары Шейн Хит Брэйди жана Искаков Хамит Иргашбаевич көрсөтүлгөн, ал эми кайрылууга жетектөөчү комитеттин төр агасы Бекманов А.К. кол койгон дагы иш материалдарына А.Бекмановдун кол койуу укугун тастыктаган документтер тиркелген эмес.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык, эгерде кайрылуу тараптын Конституциялык палатада иш жүргүзүүгө ыйгарым укуктарга ээ болбогон өкүлү тарабынан берилсе, коллегия кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогорулардын негизинде «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28–беренесинин 3–бөлүгүнүн 1,3-пункттарын жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Жахабанын Кубөлөрүнүн Кыргыз Республикасындагы диний борборунун өтүнүчүн өндурүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.
2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар кайтарылып берилсин.
3. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

**Судьялар коллегиясы**

Ч.О.Осмонова
Ч.А. Айдарбекова
Э.Дж. Осконбаев